# Өзгөчө саат



Автор: Ирина Молчанова

Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу

Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

# Өзгөчө саат

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"**Өзгөчө** саат" (кыргыз тилинде), автору Ирина Молчанова, сүрөтчү Нурлан Токтали уулу, Сулайман Рысбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Странные часы*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Каныбек китеп окуганды абдан жакшы көрөт. Анын классташтары интернет менен алектенишсе, Каныбек китептен жаңы маалыматтарды издеп, бош убактысын китепканадан өткөрчү. Ошон үчүн класстагы кээ бир балдар аны “ботаник”, “жандуу энциклопедия” деп атап коюшчу.



Жазында Каныбектин классташтары, мугалими Арсен Мирбекович болуп, чогуу тоого баралы деп чечишти.

– Эй, ботаник, жүрүшкө да китеп менен барасыңбы? – деп кайрылды Алиса Каныбекке.

– Ооба, эки китебимди ала барам. Анын эмнеси бар экен? – деди таң калган Каныбек.

– Сен пайдасы жок китептен көрөкчө, чоңураак колбаса алып алсаң болмок – деди Самат бутербродун жеп жатып.

– Сенин тамагың курсак үчүн  болсо, менин тамагым акылыма керек.



Жүрүштүн алдында, Арсен Мирбекович тоодо ар ким өзүн кандай алып жүрүү керектиги тууралуу көрсөтмө берди.

– Уруксатсыз жүрүш багытынан чыкпагыла. Көзүңөрдү карап баскыла. Тоодо этияттап жүрүү керек, – деди мугалим.



Класссташтар шар аккан суунун жээгине бат эле келишип, эс алышты. Мугалим суугa жакын барбагыла, айлананы булгабагыла деп өтүндү. Андан соң, Арсен Мирбекович балдарды топ-топко бөлдү. Айрымдары түшкү тамакты даярдоого калышты. Каныбек, Арууке, Алиса жана Самат кургак отун терип келүүгө кетишти.

– Лагерден алыс кетпегиле, чогуу жүргүлө. Тоодо адашып калышыңар мүмкүн, – деди мугалим.



Балдар бат эле кайта турган болуп убада беришти. Кыздар сүрөткө түшүү үчүн кооз жерлерди тандап жүрүштү. Балдарды бир аз нары барууга көндүрүштү. Телефондорун алып, жол бою сүрөткө түшүп жатышты.



– Сен эмне менен сүрөт тартасың? Таң калыштуу саатың мененби? – деп сурады Самат.

– Анысы убакытты деле көрсөтпөйт. Бул, балким, ботаниктердин атайын сааты болуш керек, – деп күлдү Арууке.

Каныбек аларга эч нерсе дебей эле, кургак отун чогулта берди.

Алар тоонун чокусуна өйдөлөй чыга берип, лагерден алыстап кетишти. Сүрөткө түшүп бүтүп, артка кайтууну чечишти. Бирок кайсы тарапка барууну бири да билбей жатышты.



– Биз тетиги карагай тарапка барышыбыз керек, – деди Алиса.

– Аны кайдан билдиң? Биз таптакыр башка жактан келдик, – деди Самат.

Классташтар талашып, чурулдай баштаршты. Мугалимине телефон чалууга аракет кылышты, бирок телефон тартпайт экен. Самат телефонунун браузеринин “издөө” деген жерине кирди. “Эгер тоодо адашып калсаң, эмне кылуу керек?” деп жазды. Бирок экранга: “Интернетке кошулган эмес” деген жооп келди. Бир гана Каныбек унчукпай четте турду.

– Сен эмне унчукпайсың? Эң акылдуусуң го! – деп кыйкырды Аруукe.

– Китебиңде эмне жазылыптыр? Артка кантип кайтабыз? – деп корко башташты.



– Биринчиден, тынчтанышыбыз керек. Адашкан туристтер жана саякатчылар тууралуу көп окугам,– деди Каныбек.

– Ооба, сенин жомокторуң бизге жардам бермек беле! – деп ачууланды Самат.

– Бул – жомок эмес. Мындай кырдаалда эмне кылуу керек деген көрсөтмөлөр бар. Баш аламан болуу, бизге жардам бербейт, – деп Каныбек жооп берди. Ал саатка окшобогон нерсесин карады. Көрсө, ал компас экен. – Биз баятан бери түштүккө карай жүрүптүрбүз. Демек азыр карама-каршы тарапка, суунун үнү чыккан жакты көздөй ылдый түшүшүбүз керек. Ошондо лагердин тушунан чыгабыз, – деп түндүк тарапты көрсөттү.

Балдар талашып-тартышпай, Каныбектин айтканына макул болуп, артынан жөнөштү.



– Курсагым ачты! Карагылачы, карагат! – деп сүйүнүп кетти Самат.

– Аны жейм деп ойлобо! – деп токтотту Каныбек. – Бул – шилбинин ашы. Анын жемиши – уулуу, ууланасың. Арсен Мирбековичтин айтканын уккан жок белең? Тоодон эч кандай өсүмдүктү, кандай жемиш экенин так билбеген соң, жебеш керек.

– Шилбинин ашы тууралуу китептен окудуң беле? – деп сурады Самат.

– Ооба, чоң энем – биолог, анын өсүмдүктөр жөнүндө китептери көп, – деп жооп берди Каныбек.



Суунун добушу катуураак угула баштады. Демек, суу жакын аймакта экени билине баштады. Кокустан Каныбек тайгаланып кетти. Кыздар кыйкырып жибериштиэле, Самат анын көйнөгүнөн кармап калууга жетишти.

– Этиятта, дос! Ылдый көздөй кулап кетишиң мүмкүн – деди Самат, – Жолду көңүл коюп карап бас.

Каныбек таң калып калды. Аны эч ким “досум” деп айтчу эмес эле.

– Рахмат, – деди Каныбек, кийимин кагып жатып.



Балдар классташтарынын чакырган үндөрүн угуп жатышты, бирок эч ким көрүнгөн жок.

– Арууке, Каныбек, Алиса, Самат! – деген үндөр угулду.

– Биз бул жердебиз! – Аууу, биз бул жактабыз! – деп Алиса кубанганынан кыйкырып жиберди

Алардын алдынан Арсен Мирбекович жана бир канча балдар тосуп келе жатышыптыр.

– Акыры, табыштыкпы?! – деп мугалим жеңилдене түштү.



– Кайда бардыңар? Эмнеге айтканымды укпадыңар? Бир кокустукка учурасаңар эмне болмок? Баарыбыз абдан сарсанаа болдук. Бир аз болгондо, силерди издөө үчүн куткаруучуларды чакырууга туура келмек! – деди Арсен Мирбекович.



– Бизди кечирип коюңуз, – деди  Аруукe. – Байкабай алыс кетип калыптырбыз.

– Бирок Каныбектин сыйкырдуу компасынын пайдасы тийип, адашпай таап келдик. Мындан кийин тоого жалгыз чыкпайбыз. Кооптуу жер экен.

– Анын эч кандай сыйкыры жок, – деп күлдү Каныбек, – Бул кадимки эле, компас. Аны дайыма тоого чыкканда жаныма алып жүрөм.



Ошондон кийин, эч ким Каныбекке күлбөй калды. Кокус, кимдир-бирөө “ботаникти” капа кыла турган болсо, баары ага болушуп калышчу .




Компас – бул, жолго чыккан ар бир саякатчы, учкуч, моряк жана ар бир жүрүшкө чыккан адамдын эң жакын досу. Бул курал  бара жаткан багытыңды жана турган жериңди аныктап берет. Анын жардамы менен кеткен жолуңду да табууга болот.

Биздин планета түндүк-түштүк деп аталган эки уюлу бар чоң магнитке окшош. Компаста тегеренип турган багыттагычы магниттелген. Ошондуктан, бир учу түндүк, кийинкиси менен түштүк уюлга тартылып  турат.

Компасты колдонуу кыйын эмес:

1. алаканыңа сал;
2. багыттагычын эркин кой;
3. тулкусун карап, багыттагычынын көк түстүү С деген жазуусун түндүк уюлга карат.

Дегинкиси, айланага жакшылап көз чаптырып, келген жолуңду эсиңе сактап калуу керек. Эч качан улуу адамдарсыз жүрүшкө чыкпай жүр.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ирина Молчанова
Сүрөтчү: Нурлан Токтали уулу
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли